**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**“ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ” МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛ ОКМОТУ ЖИБЕК-ЖОЛУНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”**

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышынын 2026-жылдагы кезексиз I отуруму**

# ТОКТОМ
**№ 1/1**

22-январь 2026-жыл. Согонду айылы

**Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Күң-Элек айылындагы Бүлөлү дарыясынан сугат суу үчүн келген узундугу 5,5 км аралыктагы дюкердик каналды Алай райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө**

Күң-Элек айылындагы Бүлөлү дарыясынан сугат суу үчүн келген узундугу 5,5 км аралыктагы дюкердик каналды Алай райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө Жибек-Жолу айыл өкмөтү **токтом кылат:**

1. Күң-Элек айылындагы Бүлөлү дарыясынан сугат суу үчүн келген узундугу 5,5 км аралыктагы дюкердик каналды Алай райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берилсин.

2. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Камиловго сунушталсын;

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын;

**Төрага** **Б. Ж. Артыков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**“ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ” МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛ ОКМОТУ ЖИБЕК-ЖОЛУНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”**

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышынын 2026-жылдагы кезексиз I отуруму**

# ТОКТОМ
**№ 1/2**

22-январь 2026-жыл. Согонду айылы

**Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Гагарин айылынын аталышын эски тарыхый “Тоо-Ашкан” аталышына өзгөртүү жөнүндө**

Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Гагарин айылынын аталышын эски тарыхый “Тоо-Ашкан” аталышына өзгөртүү жөнүндө 2026-жылдын 14-январындагы Гагарин айылынын тургундарынын жыйынынын №7 протоколунун негизинде жана Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы №149 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын географиялык обьектерди атоо, кайра атоо, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоо тартиби жөнүндө Жобонун 8-пунктун жана 14-беренесине ылайык Жибек-Жолу айыл өкмөтү **токтом кылат:**

1. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн токтомун чыгарып берүү жагы Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Камиловко сунушталсын.

2. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Камиловго сунушталсын;

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы агрардык маселелер жана жер реформасы боюнча Жибек-Жолу айылдык кеңешинин туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Ж. Артыков**